**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: +996 (312) 620821; факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Борбордук казыналык
ИУЖК: 20327005
БИК: 440201
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: +996 (312) 620821; факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Центральное казначейство
ОКПО: 20327005
БИК: 440201
ИНН: 01704199610123

№ Д-132/2 «26» 09 2022

Сизд.чыг. (На) №_________ «____» _________ 20__

**С.И. Даут Ахуновго**
Ош облусу, Өзгөн шаары
Коперник көч., 37
тел.: 0552551110
Sardor_ahun@mail.ru

Сиздин 2022-жылдын 18-августундагы кайрылууңуз боюнча Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине (мындан ары – КР ИИМ) 2022-жылдын 3-августунда суроо-талап жөнөткөн (көчүрмөсү Сизге жөнөтүлгөн).

2022-жылдын 16-августунда КР ИИМдин төмөндөгүдөй маалыматы келип түшкөн:

*«Тергөө учурунда, 14.04.2021-жылдагы кезектүүлүктү өзгөртүү жөнүндөгү арыздагы <u>кол тамга С. Даут Ахуновго тиешелүү экендигин же болбосо башка адам тарабынан коюлгандыгы аныктоо максатында 28.07.2021-жылы соттук-кол жазма экспертизасы дайындалган</u>.*

*КР ИИМдин ыкчам кримининалистик бөлүмүнүн 06.08.2021-жылдагы №597 сандуу корутундусуна ылайык, <u>14.04.2021-жылдагы кезектүүлүктү өзгөртүү жөнүндөгү арыздагы кол тамга С. Даут Ахуновго тиешелүү эместигин, аталган кол тамга башка адам тарабынан коюлгандыгын көрсөткөн.</u>*

*Тергөө мезгилинде «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын Өзгөн району боюнча саясий кеңешинин мүчөлөрү М.Абдурахманов, С.Камбаров, А.Абдукайымов, Л.Тохтосинов, Й.Имьяминовдор иштин жагдайы боюнча суракка алынышып, алардын кол жазма үлгүлөрү алынып, <u>21.09.2021-жылы кошумча соттук-кол жазма экспертизасы дайындалган</u>.*

*КР ИИМдин ыкчам криминалистик бөлүмүнүн 13.10.2021-жылдагы №785 сандуу корутундусуна ылайык, 14.04.2021-жылдагы шайлоо комиссиясына кезектүүлүктү өзгөртүү жөнүндөгү арыздагы С. Даут Ахуновдун кол тамгасы Ш.Джабаралиев, А.Абдукайымов, О.Косимов, Л.Тохтосинов, С.Камбаров, Г.Мурзакулова, М.Абдулхамедов, П. Маткаримова, М. Рахманбердиев, У.Хамзаев, А.Джумабеков, М.Мирюсупов, Д.Якубов, А.Аскаров, Н.Абдуллажанова, А.Эргашев жана*

*М.Абдурахманов тарабынан жасалбагандыгы, ал кол тамганы башка адам тарабынан жасалгандыгы тастыкталган.*

*«Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын депутаттары мурда чыккан т.а. 06.08.2021-жылдагы №597 сандуу кол жазма экспертизасынын корутундусуна жана 13.10.2021-жылдагы №785 сандуу кол жазма экспертизанын корутундусуна ишенбөөчүлүк билдиришип, башка органга кайрадан кол жазма экпертиза дайындап берүү тууралуу өтүнүч арыз менен экинчи ирет кайрылышкандыктан, алардын өтүнүчү канаатандырылып, КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук экспертизанын Түштүк башкармалыгына кайрадан кол жазма экпертиза дайындалып, экпертизага арызданууучу С. Даут Ахуновдун окуяга чейин кол коюп жүргөн эркин кол жазмалары камыздалган.*

*2022-жылдын 10-мартында КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик соттук экспертизанын Түштүк башкармалыгы тарабынан 22/101-1-001381 сандуу кол жазма экспертизасынын корутундусу чыккан, ал корутундуда 14.04.2021-жылдагы шайлоо комиссиясына кезектүүлүктү өзгөртүү жөнүндөгү арыздагы кол тамга С. Даут Ахуновдун кол тамгасы экендиги аныкталган.*

*Экспертизанын жыйнтыгы менен 03-047-2021-001041 сандуу кылмыш иши 10.03.2022-жылы Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 27-бер. 1-бөл. 2-п. өндүрүштөн кыскартуу токтомун кабыл алган.*

*С. Даут Ахунов Ош ОИИБге ишенбестик көрсөткөндүгүнө байланыштуу, 16.06.2022-жылы №9/1285 чыгыш саны менен Ош облусунун прокуратурасына жиберилип, 2022-жылдын 23-июнунда тергөө амалдары жүргүзүү үчүн, кыскартуу токтому бузулуп, Ош ШИИБдин Тергөө кызматына өткөрүлүп берилген.*

*Тергөөнүн жүрүшүндө, кошумча тергөө амалдары толук жүргүзүлүп, аталган кылмыш иши боюнча күбөлөрдүн берген көрсөтмөлөрүндө орунду алмаштыруу жөнүндөгү арыз С. Даут Ахунов тарабынан жазалгандыгын билдиришкенин жана 2022-жылдын 10-мартындагы КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик соттук экспертизанын Түштүк башкармалыгы тарабынан 22/101-1-001381 сандуу кол жазма экспертизасынын корутундусунда 14.04.2021-жылдагы шайлоо комиссиясына кезектүүлүктү өзгөртүү жөнүндөгү арыздагы кол тамга С. Даут Ахуновдун кол тамгасы экендигин эске алып, комиссиялык кол жазма экпертиза дайындоонун зарылчыгы жок болгондуктан, 2022-жылдын 23-июлунда Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 27-бер. 1-бөл. 2-п. негизинде кылмыш ишин өндүрүштөн кыскартуу жөнүндөгү чечим кабыл алынып, көзөмөл иретинде окуу үчүн Ош шаардык прокуратурасына жиберлген».*

Аталган кылмыш иш Ош шаардык прокуратурасына көзөмөл иретинде окууга жиберилгендиктен, 2022-жылдын 2-сентябрында Борбордук шайлоо комиссиясы өндүрүш иш боюнча толук маалыматты берүү боюнча кайрылган.

Ош шаарынын прокуратурасынын 2022-жылдын 12-сентябрында келип түшкөн маалыматы боюнча, тергөөнүн жыйынтыгы менен

23.07.2022-жылы Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-б. 2-п. негизинде өндүрүштөн кыскартылып, аталган токтом Ош шаарынын прокуратурасы тарабынан көзөмөл иретинде окулуп, жыйынтыгы менен кыскартуу токтому жокко чыгарылып 17.08.2022-жылы кайра тергөө ишин жүргүзүү үчүн Ош ШИИБнын ТКна жиберилип, бүгүнкү күндө кошумча тергөө амалдары жүрүп жаткандыгын билдирген.

Ушуга байланыштуу, сиздин арызыңыздагы көрсөтүлгөн бардык жагдайлары такталып, тергөө амалдарынын жыйнтыктары чыккандан кийин сизге жооп берилет.

**Төраганын орун басары** **Т. Шайназаров**

Атк.: Берикбаева К. 660118